“ИСЛАМ ЖАНА ПРАВОСЛАВИЕ – ТЫНЧТЫКТЫН ДИНДЕРИ” ЭЛ АРАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫ 2019-ЖЫЛДЫН 21-НОЯБРЫ, БИШКЕК Ш.

Актуалдуулугу

Ислам жана Христиан Православиеси дүйнөлүк монотеисттик дин катары дүйнөнүн көптөгөн элдеринин маданиятынын бөлүгү болуп калды. Көптөгөн кылымдар бою бул диндер маанилүү ролдорду ойноп, чыгыш жана батыш цивилизацияларынын орношуна жана өнүгүүсүнө өзүнүн салымын кошушкан. Ислам жана Православие көптөгөн бирдей салттарга, руханий жана маданий баалуулуктарга ээ болуу менен жакшылыкка жана боорукерликке, гумандуулукка жана теңдикке чакырат, коомдук гана эмес, дүйнөлүк тынчтыкка жана ынтымакка үгүттөйт.

Ислам жана Православиенин, көчмөн жана турукташкан элдердин Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердин аймагында миңден ашык жылдар бою активдүү өз ара аркеттенүүсү жалпы цивилизациялык мейкиндик – “Евразиянын” өнүгүүсүнө шарт түздү жана ал Европа менен Азиядан бир топ айырмаланып турат. Ошол эле учурда ушул мейкиндикти ээлеген элдердин жалпы руханий, маданий, социалдык жана саясий өзгөчөлүктөрүн өзүнө камтый алды.

Евразиялык мейкиндикте жалпы тарыхка ээ болуу менен өз ара аракеттенүүнүн, жанаша жашоонун, бирдиктүү мамлекеттин орду болуп калды. Ал эми бүгүнкү күндө бир туугандык мамлекеттердин жана элдердин аймагына айланган. ССРСтин элдери жалпы душман болгон фашизмге, ошондой эле башка дүйнөлүк жана эл аралык коопсуздукка коркунучтарга – расизмге жана ксенофобияга бирдикте каршы турган тарых али алыс узай элек.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө постсоветтик мейкиндикте жана бүтүндөй эле дүйнөдө деструктивдүү күчтөр, радикалдык топтор тарабынан, ошондой эле кээ бир саясатчылар өзүнүн ишмердүүлүгүндө жана мамлекет ичиндеги да, эл аралык аренада да каршылаш турууда динди колдонуу тенденциясы байкалууда. Бул аракеттер кээде ийгилик менен аяктап, конфессиялар аралык чыңалууну жана каршылаштыкты жаратууда. Диндин саясатташууу жана радикалдашуу процесстери коомдук жана саясий кырдаалга терс таасирин тийгизүүдө, адамдарды жана элдерди касташтырууда, туруксуздукту жана чыр-чатактарды жаратууда.

Ушул себептен Ислам жана Православиенин тынчтыкты куруудагы жана ынтымакты орнотуудагы, конфессиялар аралык диалогдогу, өз ара урматтоодогу, толлеранттуулуктагы жана чогуу бейпилдикте жашоодогу оң ролун кайра белгилеп, алдыга жылдыруу керек.

2018-жылдын 15-16-ноябрында Бишкек шаарында “Ислам азыркы светтик мамлекетте” II эл аралык конференциясы өткөрүлүп, азыркы светтик мамлекет алкагында Исламдын өнүгүүсү жана өз ара аракеттенүү маселелерин талкуулоого багытталган. Ошондой эле, бирдей укуктуулукту, адилеттүүлүктү жана толлеранттуулукту камсыз кылуу сыяктуу Исламдын негизги руханий баалуулуктары эскертилип өтту. Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков өзүнүн Конференциянын катышуучуларына болгон кайрылуусунда Кыргызстан – көп конфессиялдуу өлкө жана диндер аралык ынтымакты, динчил жана динден сырткары адамдардын ортосунда өз ара түшүнүшүүнү жана урматтоону колдон келишинче бекемдөө керек.

Ушул себептен “Ислам жана Православие – тынчтыктын диндери” эл аралык конференциясы өткөн конференциялардын маанилүү уландысы болуп эсептелет жана конфессиялар аралык диалогдун өнүгүүсүнө, азыркы светтик мамлекет шарттарында Ислам менен башка конфессиялардын кызматташуусуна жана өз ара аркеттенүүсүнө площадка сунуштайт. Бул жерде Ислам жана Православиенин өз ара кызматташуу тажрыйбасын КМШ мамлекеттеринин аймагындагы эң көп тарапташтары бар диндер болгондуктан талкуулоо актуалдык багыт болуп чыгууда жана бул процесстин биринчи этабы болууда.

Ушуга жараша бул маселелерди эл аралык конференциянын алкагында анализдөө жана талкуулоо руханий жана эл аралык өз ара аракеттенүүгө, конфессиялар аралык кызматташууга, тажрыйба алмашууга жана катышуучу мамлекеттердин диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты өөнүктүрүүгө шарт түзөт.

Конференциянын максаты жана милдеттери

Конференциянын максаты – постсоветтик мейкиндиктеги Ислам менен Христиан Православиесинин өз ара аракеттенүү чөйрөсүндөгү тарыхый процессетрди жана азыркы кырдаалды анализдөө, эки диндин жалпы руханий жана маданий баалуулуктарын, тынчтыкты жана ынтымакты куруудагы алырдын ордун жана ролун, Евразиялык мейкиндикте интеграциялык процесстердин өнүгүүсүн талкуулоо.

Бул конференцияда маселелерди талкуулоо төмөнкү темалардын (секциялардын) алкагында пландаштырылууда:

- ***“Ислам жана Православие: конфессиялар аралык диалог коомдогу тынчтыктын жана ынтымактын негизи катары”***
- ***“Исламдын жана Православиенин баалуулуктары азыркы коомдо жана мамлекетте”***
- **“Ислам жана Православие тарыхый өнүгүүнүн жана азыркы замандын чакырыктарынын шарттарында”**

Бул эл аралык конференция Кыргыз Республикасынын Президентинин эгидасы менен диний чөйрөдө, эл аралык кызматташтыкта жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча иштеген Россиянын, Кыргызстандын жана Борбордук Азия мамлекеттеринин мамлекеттик органдарынын жана эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусу менен өтүп жатат.

Конференциянын өткөрүлүшүнүн негизинде төмөнкү жыйынтыктар күтүлүүдө:

- **Россиянын, Кыргызстандын жана Борбордук Азия мамлекеттеринин мамлекеттик органдарынын, диний уюмдарынын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн кызматташтыгынын жана өз ара аракеттенүүсүнүн бекемделиши;**
- **конфесиялар аралык диалогдун өнүгүшү, тынчтыкты жана ынтымакты илгерилетүүдөгү жалпы чараларды күчөтүү, диний негиздеги дискриминацияга жана радикализацияга каршы күрөшүү жана алдын алуу;**
- **светтик принциптин бекемделиши, адамдын укуктарын жана эркиндитерин коргоо.**

Бул эл аралык площадка келечектеги өз ара аркеттенүүнүн алкагында эл аралык жана конфессиялар аралык мамилелерди орнотууда жана өнүктүрүүдө ылайыктуу негиз боло алат.